УДК: 336.5
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-735-742

**Мусуралиева М.М.**
саясий илимдердин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
meerim.musuralieva@mail.ru
**Солтогулова М.У.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
msoltogulova@mail.ru
**Бакытбекова С.Б.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫНДА СОЦИАЛДЫК СЕКТОРДУ КАРЖЫЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация:** Улуттук экономикада социалдык сектор чоң роль ойнойт. Бул сектор инсандын өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүгө, коомдун потенциалын эмгек жана интеллектуалдык ресурстарда кайра өндүрүүнү камсыз кылууга багытталган тармактардын системасы болуп саналат.

Аталган сектордо финансыны чыгымдоо багыттары болуп төмөнкүлөр саналат: билим берүү жана кадрларды даярдоо, саламаттыкты сактоо, маданият жана искусство, социалдык камсыздоо, дене тарбия жана спорт тармагы.

Бул илимий макалада социалдык сектордун тармактарын каржылоо булактары: саламаттыкты сактоо жана билим берүү, акыркы жылдардагы саламаттыкты сактоо жана билим берүү тутумунун негизги чечилбеген көйгөйлөрү жана маселелери, билим берүүгө жана саламаттыкты сактоого мамлекеттик бюджеттин чыгашаларына талдоо, натыйжалуулукту жогорулатуу багыттары, социалдык секторго каражаттарды сарптоо каралат.

**Негизги сөздөр:** билим берүү, социалдык сектор, саламаттыкты сактоо, саламаттыкты сактоону каржылоо булактары, билим берүүнү каржылоо булактары, социалдык секторго мамлекеттик чыгашалар.

**Мусуралиева М.М.**
кандидат политических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
meerim.musuralieva@mail.ru
**Солтогулова М.У.**
старший преподователь
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

msoltogulova@mail.ru
**Бакытбекова С.Б.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ПРОБЛЕМЫ ФИНАНСИРОВАНИЯ СОЦИАЛЬНОГО СЕКТОРА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Аннотация:** Социальный сектор играет важную роль в национальной экономике. Данный сектор представляет собой систему отраслей, направленных на создание условий для развития личности, обеспечение воспроизводства потенциала общества в трудовых и интеллектуальных ресурсах.

Направлениями расходования финансов в данном секторе являются: образование и подготовка кадров, здравоохранение, культура и искусство, социальное обеспечение, физическая культура и спорт.

В данной научной статье рассматриваются источники финансирования отраслей социального сектора: здравоохранение и образование, основные нерешенные проблемы и проблемы системы здравоохранения и образования за последние годы, анализ расходов государственного бюджета на образование и здравоохранение, направления повышения эффективности, расходование средств социального сектора.

**Ключевые слова:** образование, социальный сектор, здравоохранение, источники финансирования здравоохранения, источники финансирования образования, государственные расходы на социальный сектор.

**Musuralieva M.M.**
Candidate of Political Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
meerim.musuralieva@mail.ru
**Soltogulova M.U.**
Senior lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
msoltogulova@mail.ru
**Bakytbekova S.B.**
master
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## PROBLEMS OF FINANCING THE SOCIAL SECTOR IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Annotation:** The social sector plays an important role in the national economy. This sector is a system of industries aimed at creating conditions for personal development, ensuring the reproduction of the potential of society in labor and intellectual resources.

The areas of financial expenditure in this sector are: education and training, health, culture

and art, social security, physical education and sports.

This scientific article examines the sources of financing for social sector sectors: health and education, the main unresolved problems and problems of the health and education system in recent years, an analysis of state budget expenditures on education and health, directions for improving efficiency, spending of social sector funds.

**Key words:** education, social sector, healthcare, sources of healthcare financing, sources of education financing, government spending on the social sector.

Социалдык чөйрөнүн тармактарынын кызмат көрсөтүүлөрү социалдык мааниге ээ болгондуктан, бул секторудо базалык мамлекеттик каржылоонун зарылдыгын пайда кылат. Социалдык кызмат көрсөтүү сектору салыштырма салмакта көбүн эсе республикалык бюджеттен каржылангандан, бул принциптин ийгилиги бул багыттагы мамлекеттик саясаттан көз каранды. Ошондой эле эн негизгиси, салыктар финансылык негизди камсыз кылат [1, 7б].

Социалдык секторду каржылоо системасы бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы механизмдерди айкалыштырат. Мамлекеттик жана жеке каржылоонун катышы социалдык сектордун мамлекет үчүн канчалык деңгээлде маанилүү экендигине жараша болот.

Социалдык сектордун түзүмүндө саламаттык сактоо жана билим берүү адамзаттык өнүгүү индексин (АӨИ) түзөт, ошондуктан дал ушул тармактарды каржылоону карап чыгуу максатка ылайыктуу.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо системасын каржылоонун мыйзамдык базасы болуп Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, Кыргыз Республикасынын төмөнкү мыйзамдары саналат: "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун Бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө", "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022 - жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө".

2000-жылдардын башынан тартып жыл сайын калкка акысыз, акы төлөнүүчү жана жеңилдетилген шарттарда медициналык жардам көрсөтүү каралган мамлекеттик кепилдиктер программасы бекитилген. Мамлекеттик кепилдиктер программасын ресурстук камсыздоо жана жалпысынан каржылоо системасын өркүндөтүү үчүн Бирдиктүү төлөөчү системасы киргизилген.

2006-жылдан тартып Кыргыз Республикасында саламаттык сактоо системасын реформалоонун алкагында саламаттык сактоону каржылоонун эл аралык деңгээлде таанылган модели иштеп келет. Донордук каражаттардын жана акыркы жылдардагы структуралык өзгөрүүлөрдүн аркасында саламаттык сактоону каржылоо деңгээли жогорулады.

Каржылоонун жаңы моделин киргизүүнүн натыйжасында саламаттык сактоо системасында көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын жеткиликтүүлүгүнүн жана натыйжалуулугунун айрым көрсөткүчтөрүнүн жакшырышы, калктын айрым категорияларынын финансылык жактан корголушу, бейтапканалардын жана ооруканалардын зарыл дары-дармектер менен камсыздалышы байкалган. 2010-жылга карата өлкөнүн калкынын эң жакыр бөлүгүнүн жарымы медициналык кызмат көрсөтүүлөрдөн акысыз же жеңилдетилген негизде пайдалана алышты.

Жалпысынан саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо төмөнкү булактардын эсебинен жүзөгө ашырылат: Саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо булактары болуп: - мамлекеттик бюджеттин каражаттары; - базалык мамлекеттик жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун каражаттары катары берилүүчү Республикалык бюджеттен ассигнованиелер; - Милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары; - ыктыярдуу төгүмдөр-юридикалык жана жеке жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк жактардын өз алдынча чегерүүлөрү; -эл аралык уюмдардан, донор өлкөлөрдөн алынган гранттар, кредиттер; - акы төлөнүүчү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар; - кошумча төлөө каражаттары жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каражаттар[2].

Өз кезегинде өлкөнүн калкы мамлекеттик кепилдиктер программасын каржылоо көлөмүнөн тышкары саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү медициналык кызматтарга акы төлөөгө мүмкүн болушунча катышат. Жыл сайын Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети саламаттык сактоонун мамлекеттик секторун каржылоонун көлөмүнө жараша ал белгилеген акы төлөөнүн деңгээлин бекитет. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети бейтаптардын тамактануусуна, дарылоо – диагностикалык иш-чараларга кетүүчү кошумча төлөм каражаттарын төгүүнүн жана пайдалануунун тартибин аныктайт.

Акы төлөнүүчү медициналык эмес жана медициналык кызматтын айрым түрлөрү мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын атайын каражаттарын түзөт. Алар Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан белгиленген мамлекеттик кепилдиктердин жана калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын программасына кирбейт. Базалык мамлекеттик медициналык камсыздандыруунун каражаттары мамлекеттик кепилдиктер программасын каржылоонун булагы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жыл сайын мамлекеттик кепилдиктер программасын каржылоонун көлөмүн аныктайт.

Саламаттык сактоо системасын жетишсиз каржылоодон улам дары-дармек менен камсыз кылуу, ошондой эле медициналык мекемелерди материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу проблемалары дагы эле чечилбеген бойдон калууда. Өзгөчө өлкөнүн аймактарында саламаттык сактоо системасынын инфраструктурасы начар, бейтапканалар менен ооруканаларда медициналык кызмат көрсөтүүдө жаңы технологияларды киргизүү жөнүндө айтпаганда да, медициналык процедуралардын коопсуздугун сактоо үчүн шарттар жок. Жеке менчик медициналык мекемелердин саны көбөйгөнүнө карабастан, бүткүл өлкө боюнча саламаттык сактоо мекемелеринин жетишсиздиги көйгөйү курч бойдон калууда.

Жалпысынан саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат учурдагы проблемаларды чечүү үчүн саламаттык сактоо системасын каржылоонун көлөмүн жогорулатууга, атап айтканда дарылоо мекемелерин курууга багытталууга тийиш. Маанилүүлүгү боюнча билим берүү тармагы коомду өнүктүрүүнүн башкы стратегиялык багыттарынын бири болуп саналат. Өлкөнүн билим берүү чөйрөсү канчалык өнүккөнүнө коомдун экономикалык жана социалдык бакубаттуулугу көз каранды, анткени бул чөйрө башка чөйрөлөрдү өнүктүрүү үчүн кадрларды даярдайт. Заманбап билим берүү системасы ийкемдүү, тез өзгөрүп жаткан суроо-талаптарга багытталууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Экономикалык жана саясий системаларында туруктуулуктун жоктугу билим берүү чөйрөсүндө көп жылдык көйгөйлөрдү жаратты: - билим берүүнүн мазмуну менен деңгээлинин эмгек рыногунун керектөөлөрүнө дүйнөлүк гана эмес, ата мекендик муктаждыктарга дал келбеши; бүгүнкү күндө дүйнө ушунчалык тез

өзгөрүп жатат, ааламдашуу процесси билим берүү кызматтарынын рыногун эмгек рыногуна адаптациялоо үчүн катаал шарттарды талап кылууда, - мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тармагынын жетишсиздиги жана башкалар. Калктын билим деңгээлин сактоо жана жогорулатуу билим берүү чөйрөсүндөгү натыйжалуу мамлекеттик саясаттан жана каржылык инвестициялардан көз каранды.

Бүгүнкү күндө билим берүү тармагынын негизги булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) республикалык бюджет;

2) жергиликтүү бюджет;

3) билим берүү уюмдарынын уюштуруучуларынын каражаттары, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын салымдары;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган иштин натыйжасында алынган билим берүү уюмдарынын каражаттары;

5) кредиттер жана гранттар;

6) билим берүү уюмун өнүктүрүү үчүн каржылоонун кошумча булактары катары тартылуучу ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ыктыярдуу каражаттары;

7) баштапкы кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын билим берүү кызматтары үчүн акы төлөө каражаттары;

8) мектепке чейинки билим берүү уюмдары тарабынан берилүүчү тамак-аш жана багуу үчүн ата-энелердин каражаттары;

9) билим берүү уюмдарынын өздүк каражаттары;

10) Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын алкагындагы келишимдик мамилелердин негизиндеги юридикалык жана жеке жактардын каражаттары;

11) билим берүү уюмунун окуу жана көмөкчү чарбаларынын эсебинен, анын ичинде ижара негизинде алынган каражаттар;

12) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар [3].

Жүргүзүлүп жаткан реформага байланыштуу азыркы учурда билим берүү системасында бул чөйрөдөгү айрым көйгөйлөрдү чечүү багытында конструктивдүү өзгөрүүлөр болду. Билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 2022-жылы 73175,6 млн.сомду түздү, бул 35657 млн. сомго көп, 2018-жылга салыштырмалуу көбөйүү эки эсе болду.

Таблица 1. Билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгашалары (млн. сом) [4]

| Бөлүмдөрдүн аталышы | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгымдары, бардыгы болуп | 37 518,6 | 39 719,5 | 42 345,6 | 48 320,5 | 73 175,6 |
| ИДПга карата пайыз менен | 6,6 | 6,1 | 6,6 | 6,2 | 7,5 |
| Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгымдарына карата пайыздар менен | 23,8 | 23,7 | 24,6 | 22,8 | 23,5 |

Билим берүү деңгээлдери боюнча мамлекеттик бюджеттин чыгашалар түзүмүндө чыгашалардын негизги үлүшүн орто билим түзөт.

Таблица 2. Билим берүү деңгээлдери боюнча мамлекеттик бюджеттин чыгашалары (млн. сом) [4]

| Бөлүмдөрдүн аталышы | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгымдары, бардыгы | 37 518,6 | 39 719,5 | 42 345,6 | 48 320,5 | 73 175,6 |
| алардын ичинен болуп | | | | | |
| Жогорку кесиптик билим берүүгө | 5 111,7 | 5 695,8 | 5 745,1 | 7 354,7 | 9 635,3 |
| Орто билим берүүгө | 21 550,7 | 23 306,8 | 27 470,3 | 29 055,5 | 42 649,3 |
| Мектепке чейинки тарбиялоого | 5 377,7 | 5 846,8 | 5 182,0 | 6 413,0 | 10 372,7 |

2022-жылы орто билим берүүгө чыгашалар 42649,3 млн.сомду (58,3%), мектепке чейинки тарбиялоого 10372,7 млн. сомду (14,2%) жана жогорку кесиптик билим берүүгө 9635,3 млн. сомду (13,1%) түздү. Акыркы 5 жылда орто билим берүүгө чыгашалар 21550,7 млн. сомдон 2018-жылы 42649,3 млн. сомго чейин 2022-жылы эки эсеге көбөйгөн. Мамлекеттик бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн социалдык сектордун тармактары боюнча бөлүштүрүлүшүн 3-таблица кыйла айкын көрсөтүп турат.

Таблица 3. 2020-2022-жылдар үчүн социалдык сектордун негизги тармактары боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин аткарылышы, млн. сом

| Бөлүмдөрдүн аталышы | 2020 г. | % сал. салмагы | 2021 г. | % сал. салмагы | 2022 г. | % сал. салмагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардык бөлүмдөр боюнча жалпы чыгымдар | 171 873,9 | 100,0 | 211 700,8 | *100,0* | 311 142,3 | *100,0* |
| анын ичинде | | | | | | |
| Саламаттык сактоо | 5 537,5 | 3,2 | 8 221,6 | *3,9* | 7 437,6 | *2,4* |
| Билим берүү | 42345,6 | 24,6 | 48 320,5 | *22,8* | 73 175,6 | 23,5 |
| Социалдык коргоо | 11839,8 | 6,9 | 12 797,9 | *6,0* | 18 987,3 | 6,1 |
| Турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 7874,9 | 4,6 | 9 672,2 | *4,6* | 15 899,0 | 5,1 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 3859,3 | 2,2 | 4 872,7 | *2,3* | 7 126,6 | 2,3 |

Чыгашалардын түзүмүндө социалдык сектордун тармактарынын ичинен эң көп салыштырма салмагы билим берүү чөйрөсүн ээлейт, 2022-жылы 73175,6 млн.сомду же 23,5%

ды түздү, ал эми эң аз салыштырма салмагы саламаттык сактоо чөйрөсүн 2,4% же 7 437,6 млн. сомду жана эс алуу, маданият жана дин секторун 2,3% же 7 126,6 млн. сомду түздү. Каржылоонун негизги булагы болуп мамлекеттик бюджет эсептелет. 4-таблицада 2017-2021-жылдарга билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгымдары чагылдырылган.

Таблица 4. Билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин учурдагы операциялык чыгымдары, миң сом [4]

| Бөлүмдөрдүн аталышы | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы болуп учурдагы чыгымдар | 32 281 798,4 | 33 392 835,2 | 35 879 864,0 | 39 909 968,2 | 43 752 094,6 |
| Бюджеттик каражаттардын эсебинен | 27 202 505,9 | 27 599 039,4 | 29 860 470,3 | 34 538 621,9 | 36 772 411,7 |
| Атайын каражаттардын эсебинен | 5 079 292,5 | 5 793 795,8 | 6 019 393,7 | 5 371 346,3 | 6 979 682,9 |

4-таблицадан көрүнүп тургандай, 2021-жылы билим берүүгө чыгымдар 2017-жылга салыштырмалуу 1,3 эсеге көбөйүп, 43 млрд. сомдон ашык сумманы түздү. Жалпысынан, операциялык иш боюнча мамлекеттик чыгымдардын түзүмүндө каралып жаткан мезгил үчүн билим берүү системасына сарптоолор 2017-жылы 19,4% ды, ал эми 2021-жылы 26,4% ды түздү. Мындай көбөйүү билим берүү системасынын кызматкерлерине төлөмдөрдүн көбөйүшү менен шартталган. Мамлекеттик бюджет республикалык бюджеттен, ошондой эле жергиликтүү бюджеттерден каржылоону камтыйт.

Билим берүү тармагынын операциялык ишмердигин жүргүзүү үчүн республикалык бюджеттин чыгашалары 2017-жылы 26 352 млн.сомду түздү, ал эми 2021-жылы 36 955 млн. сомго чейин көбөйдү. Жергиликтүү бюджеттен билим берүүгө 2017-жылы 5 929млн.сом, ал эми 2020-жылы 6 796 млн. сом жумшалган. Социалдык сектордо финансыны чыгымдоонун натыйжалуулугун жогорулатуунун багыттары төмөнкүлөр болуп саналат: социалдык сектордун иштешине мониторинг жүргүзүү системасын түзүү, коомдогу керектөөлөрдүн маселелери боюнча божомолдорду түзүүдө стратегиялык мамилени колдонуу, социалдык секторду өнүктүрүү үчүн инвестицияларды тартуу.

Ошентип, саламаттыкты сактоо жана билим берүү системаларын каржылоо эң маанилүү. Билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактарынын абалына, алардын сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрүнө, ресурстук камсыздоосуна өлкөнүн келечеги, экономиканын өсүшү жана коомдогу социалдык туруктуулук көз каранды.

***Колдонулган адабияттардын тизмеси:***


1. Абдраимова Б.К, Мусуралиева М.М. «Оценка и анализ поступления налога на добавленную стоимость в государственный бюджет Кыргызской Республики» [Текст] // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы – 2023, №4. – 7-14 бб.
2. Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 12-январындагы № 14 "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Мыйзамы [Электрондук ресурс] – Кирүү режими URL http://cbd.minjust.gov.kg

3. Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы [Электрондук ресурс] – Кирүү режими URL http://cbd.minjust.gov.kg
4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ статистикалык жыйнагы. 2018-2022-ж.ж. Бишкек. 2023-ж. [Электрондук ресурс] – Кирүү режими URL https://www.stat.kg/

**Рецензент: экономика илимдеринин кандидаты, доцент Асанов Р.К.**